# Мен сүйгөн обон

**Сөзү: Жеңишгүл Өзбекова**
**Обону: Мирланбек Давлатов**
**Аткаруучу: Мирланбек Давлатов**

**Мен сүйгөн обон, мен сүйгөн обон,**
**Жаңырган сайын жан дүйнөм- бороон!**
**Нөшөрлөөп жааган жамгырдан кийин,**
**Нугунан ашкан дайрадай болом.**

**Ырда, ырдагын ырдагын жүрөк,**
**Ыймандай сырың айланган ырга**
**Ырдабай ыйлап турбагын жүрөк.**

**Мен сүйгөн обон, мен сүйгөн обон,**
**Ызага муунуп, кусага толгон.**
**Ыйлап же ырдап жатканын билбей,**
**Даарыган үнгө дендароо болом.**

**Ыйла ыйлагын, ыйлагын жүрөк,**
**Ыймандай сүйүүң айланган ырга**
**Ызаңды төгүп ырдагын жүрөк.**

**Мен сүйгөн обон, мен сүйгөн обон,**
**Кайрыгы өксүү, өкүнүч толгон.**
**Канаты сынган каркыра сымал,**
**Кайраты мокоп, өмүргө тойгон.**

**Туйла туйлагын, туйлагын жүрөк,**
**Туу кылып өтөөр махабат барда,**
**Өлүмдүн баарын туйбагын жүрөк.**

**2016-жыл**